Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги

№ 502 2014-ж. «01» 09

Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги

№10907 2014-ж. «24» сентябрь

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги

№ 01-24/92 2014-ж. «29» сентябрь

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

№ 621/1 2014-ж. «09» 04

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги

№ 366 2014-ж. «09» 10

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги

№ 245-0 2014-ж. «23» сентябрь

# БИРГЕЛЕШКЕН БУЙРУК

## "Тамекиге көз карандылыктын алдын алуу жана кыскартуу, тамекинин жана айланадагы тамекинин түтүнүнүн таасиринен Кыргыз Республикасынын калкынын ден соолугун коргоо боюнча биргелешкен чаралар жөнүндө "

“2003-жылдын 21-майындагы Тамекиге каршы күрөшүү боюнча ДССУ Алкактуу конвенциясын ратификациялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган Тамекиге каршы күрөшүү боюнча ДССУ Алкактуу конвенциясын, “Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткарылышынын эффективдүүлүгүн күчөтүү, тамеки жана айланадагы тамекинин түтүнүнүн таасиринен калктын ден соолугун коргоо, тамекиге көз каранды болуунун алдын алуу жана жайылышын кыскартуу боюнча биргелешкен иш-чараларды жүргүзүү максатында

## БУЙРУК КЫЛАБЫЗ:

1. Тамекиге каршы күрөшүү боюнча чараларды ишке ашыруу эрежелеринин тиркелген жыйындысы бекитилсин: “Тамекиге көз карандылыктын алдын алуу жана кыскартуу” медициналык-маалыматтык регламенти (мындан ары – Регламент).

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министринин орун басары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары, Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министринин орун басары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелердин иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директорунун орун басары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиктин директорунун орун басары бул буйрук менен бекитилген Регламенттин улуттук, региондук жана жергиликтүү деңгээлдерде ишке ашырууну камсыз кылышсын.

3. Бишкек шаарынын саламаттык сактоо департаментинин, Бишкек жана Ош шаарларынын билим берүү башкармасынын директорлору, Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин облустук башкармасынын башчылары, облустук, саламаттык сактоо, билим берүү координаторлору, билим берүүнүн шаардык, райоидук бөлүмдөрүнүн, Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлигинин территориялык органдарынын, шаардык, райондук дене-тарбия жана спорт бөлүмдөрүнүн, дене-тарбия жана спорт мекемелеринин (БӨСМ, ОРАБӨМ, РОРАБӨМ), саламаттык сактоонун, билим берүүнүн жана илимдин, республикалык уюмдарынын, улуттук жана илимий борборлорлордун, үй-бүлөлүк медицина борборлорунун, медициналык билим берүү уюмдарынын, жогорку, кесиптик-техникалык, орто-кесиптик орто жана баштапкы окуу жайларынын жетекчилери бул буйрук менен бекитилген Регламентти аткарууга кабыл алышсын.

4. Отчеттук мезгилден кийинки, жыл сайын 30-январга чейин Регламентке тиркелген отчеттук формага ылайык тамекиге каршы иш-чаралар аткарылышы тууралы маалыматты Саламаттык сактоо министрлигинин тамекиге каршы күрөш боюнча Улуттук координаторуна tamekicizkg@gmail.com е-почтасы аркылуу берилип турсун.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүбүзгө калтырабыз.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министри** ________________ **Д. Сагинбаева**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри** ________________ **К. Садыков**

**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри** ________________

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министри** ________________ **А. Алымкулов**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин директору** ________________ **Н. Касиев**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиктин директору** ________________ **К. Эргешов**